УДК 004.91

ЭЛЕКТРОНДУК ОКУУ КИТЕБИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЗАМАНБАП КУРАЛЫ

Эркебаев Ж. С., магистрант
talisam9092@gmail.com
Кочконбаева Б. О., к.т.н., доцент
bkochkonbaeva@oshsu.kg
Орозбаев А. М., окутуучу
Ош мамлекеттик университети
Ош, Кыргызстан

Аннотация: *Бул макалада электрондук окуу китебинин окуу процессиндеги орду жана билим алууга тийгизген таасири баяндалды. Билим алуу процессине заманбап каражаттарды кийирүү менен биз келечек муундун туура ой жүгүртүүсүнө жана дүйнөлүк практикадан артта калбоосуна шарт түзөбүз.*
Түйүндүү сөздөр: *электрондук окуу китеби, аудиофайлдар, видеороликтер, интерактивдүү доска, мультимедиялык технология.*

ЭЛЕКТРОННЫЙ УЧЕБНИК – СОВРЕМЕННЫЙ ИНСТРУМЕНТ ОБУЧЕНИЯ

Эркебаев Ж. С., магистрант
talisam9092@gmail.com
Кочконбаева Б. О., к.т.н., доцент
bkochkonbaeva@oshsu.kg
Орозбаев А. М., окутуучу
Ошский государственный университет
Ош, Кыргызстан

Аннотация: *В данной статье описывается роль электронного учебника в образовательном процессе и его влияние на обучение. Применяя современные средства в образовательном процессе, мы создадим условия для того, чтобы будущее поколение правильно мыслило и не отставало от мировой практики.*
Ключевые слова: *электронный учебник, аудиофайлы, видеоролики, интерактивная доска, мультимедийная технология.*

ELECTRONIC TEXTBOOK - A MODERN LEARNING TOOL

Erkebaev J. S., master student
talisam9092@gmail.com
Kochkonbaeva B. O., PhD, Associate Professor
bkochkonbaeva@oshsu.kg
Orozbaev A. M., teacher
Osh State University
Osh, Kyrgyzstan

Abstract*: This article describes the role of the electronic textbook in the educational process and its impact on learning. Applying modern means to the educational process, we will create conditions for the future generation to think correctly and keep up with world practice.*
Key words: *electronic textbook, audio files, videos, interactive board, multimedia technology.*

Киришүү

Маселенин коюулушу. XXI кылым өнүккөн технологиянын, жаңыча билим

алуунун жана билим берүүнүн жаңы ыкмаларынын кылымы. Мобилдүү, заманбап, стандартуу эмес ой жүгүрткөн жана чыгармачыл мугалимдин ролун аткарууну каалагандар өз предметин окутуунун жана презентациялоонун жаңы ыкмаларын үйрөнүшү керек. Анткени, азыркы убакта студенттерге жаңы теманы жеткирүү, түшүндүрүү бүтүндөй искусство болуп саналат. Билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөшүүчү окутуунун негизги формалары жана ыкмалары болуп салттуу эмес окутуу ыкмасын колдонууда турат. Заманбап билим берүү процессинин маанилүү компоненти болуп окутуунун инновациялык ыкмалары саналат.

Мындай ыкмалардын бири катары билим берүүдө интерактивдүү окутуунун формасын айтууга болот. Бул ыкманын негизги максаты студент билим алуу процессин түзүүчү техникалык окуу куралдарына талдоо жүргүзүү аркылуу окуу процессинин траекториясын өз алдынча тандап ала алат. Билим берүүнүн интерактивдүү формасынын милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- мотивацияны жогорулатуу;
- кызыгууну ойготуу;
- окуу материалын өздөштүрүүнүн натыйжалуулугу;
- билим берүү маселесин чечүүнүн жолун өз алдынча издөө;
- кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу;
- өздөрүнүн кесиптик ишмердигинде компетенттүүлүктү калыптандыруу.

Интерактивдүү электрондук окуу китеби билим берүүнүн бул формасынын милдеттерин ишке ашырууда маанилүү көмөкчү курал болуп саналат [4].

Билим берүүдө колдонулуп жаткан электрондук китептер

Заманбап билим берүүнү маалыматташтыруу процессин өнүктүрүүдө төмөнкү тенденциялар байкалууда:

1) бирдиктүү маалыматтык билим берүү мейкиндигинин иштеши;

2) үзгүлтүксүз билим берүү системасын калыптандыруу;

3) салттуу жана инновациялык билим берүүнүн ыкмаларын жана каражаттарын айкалыштыруу;

4) маалыматтык технологияларды колдонуунун негизинде жаңыча ыкмаларды жана электрондук окуу китептерин киргизүү.

Компьютердик технологиялар жана программалык камсыздоо тармагындагы кескин секирик билим берүү процессине Интернет, мультимедиа, интерактивдүүлүк сыяктуу маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын компоненттерин киргизүүгө өбөлгө түзөт. Билим берүү процессинин бул элементтерин комплекстүү пайдалануу маалыматтык коомдун тез өнүгүү шарттарында оңой ыңгайлашкан, ар тараптуу өнүккөн инсанды тарбиялоого мүмкүндүк берет. Мугалимдин ролу сүйлөөчүдөн окутуунун жаңы технологияларын иштеп чыгуучуга өтүп, анын айрым багыттарын өзгөртөт, бул анын жогорку деңгээлдеги методикалык жана технологиялык даярдыгын гана эмес, чыгармачыл ой жүгүртүү жөндөмүн да талап кылат. Ушуга байланыштуу мугалимдин ишмердигинде жаңы багыт – окутуунун маалыматтык-коммуникациялык технологияларын өнүктүрүү пайда болот.

Билим берүүдө жаңыча ыкмаларды жана окуутунун жаңы формаларын колдонуу,

мисалы сынчыл ойломду өнүктүрүү, студенттердин өз оюн так, туура айтуусуна өбөлгө түзөт жана ар кандай кырдаалда туура чечимдерди кабыл алууга жардам берет. Ошондой эле окууга болгон кызыгууну жогорулатуунун дагы бир жолу катары электрондук окуу китептерин иштеп чыгууну айтсак болот. Эгерде студент библиотекадан бир канча китепти алууга мүмкүнчүлүгү жок болсо, анда алар электрондук китептердин жардамында даярдануга мүмкүнчүлүк алат. Алардын жардамында студент сабак учурунда жана бош убакта маалыматка ээ боло алат жана ар кандай практикалык жумуштарды өзү аткара алат. Ош мамлекеттик университетинин мугалими М.Ш. Мамаюсупов тарабынан иштелип чыккан электрондук китептердин библиотекасы www.okuma.kg шилтемеси аркылуу бардык колдонуучуларга кызмат кылып келет (1-сүрөт).



1-сүрөт. Электрондук китепкана


Бул жерде сакталган китептерди мобилдик телефон аркылуу да каалаган убакта ачып окууга болот жана маалыматты издөөгө, сүрөттөрдү чоңойтуп көрүүгө, көчүрүп алууга ыңгайлуу болуп эсептелет. Бул мугалим доскадан түшүндүргөнгө караганда бир кыйла эффективдүү.

Электрондук колдонмолордун жардамы менен ар кандай сүрөттөрдү, схемаларды, видео эпизоддорду көрсөтүүгө болот. Бул мугалим доскага түшүндүрүп бергенге караганда эффективдүү жана таасирдүү. Физика, биология, англис тили сыяктуу татаал дисциплиналарды өздөштүрүү ар дайым теманы тереңирээк түшүндүрүүнү талап кылат, ал үчүн компьютерлер колдонулат, башкача айтканда татаал схемалар, сүрөттөр слайддарда көрсөтүлөт, бул өз кезегинде темага жана дисциплинага болгон кызыгууну арттырат (2-сүрөт).



2-сүрөт. Физикалык процесс

Интернет сайттарынын ичинен https://www.native-english.ru электрондук окуу китебин да айтсак болот. Бул сайтта тилди үйрөнүү үчүн ар бир тема боюнча тексттик материалдар, аудио материалдар, форум, сөздүк, интерактивдүү оюндар, динамикалык тесттер, идиомалар, жаңылмачтар, кызыктуу окуялар жана анекдоттор камтылган (3-сүрөт)



3-сүрөт. Англис тили үчүн электрондук китеп

Электрондук окуу куралы билим берүүнүн салттуу формаларын олуттуу байытат, анткени ага окуу жана көргөзмө материалдардын эбегейсиз көлөмүн киргизүүгө мүмкүндүк берет жана окутуунун сапаттык жаңы ыкмаларын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт жана төмөнкүдөй артыкчылыктарга ээ (4-сүрөт).




4-сүрөт. Электрондук китептин оң жактары

Электрондук китептин бирден-бир кемчилиги компьютердин экранынан тексттерди окуунун ыңгайсыздыгы болуп саналат, бирок анын каалаган бөлүгүн каалаган убакта басып чыгарууга болот, ошондой эле заманбап мониторлор жана компьютердик программалар экрандан окууну барган сайын ыңгайлуу кылууда.

Англис тилин үйрөтүүчү электрондук китепче

Жогоруда айтылган жана каралган электрондук китептердин негизинде биз да англис тилин үйрөнүүчүлөр үчүн теориялык жана практикалык тапшырмалардан турган электрондук китепчени иштеп чыктык (5-сүрөт).



5-сүрөт. Электрондук китепче

Мында үйрөнүүчү үчүн 15 сабактан турган гипертексттик тиркеме түзүлдү жана ар бир сабак теориялык маалыматтан, сөздүктөн жана өз алдынча аткаруучу тапшырмадан турат.

Жыйынтык

Билим алууда окуу китебинин мааниси канчалык чоң болбосун, азыркы учурда окуучулар үчүн компьютердин мааниси өсүп келе жатканы белгилүү, анткени компьютер келечек муун үчүн дүйнөдөгү жаратылыш чөйрөсүн түшүнүү куралы болуп саналат. Электрондук окуу куралдары иштей турган электрондук түзүлүштөрдүн технологиялары студенттерге тексттен тышкары аудиофайлдарды, видеолорду, ар кандай документтердин көчүрмөлөрүн, башка окуу куралдарынан жана энциклопедиялардан кросс-материалдарды ачууга мүмкүнчүлүк берет.

Жыйынтыктап айтканда, электрондук окуу китеби окуучунун өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө жардам берип, предметке болгон кызыгуусун арттырып, жеке ишин түзүүгө жардам берип, инсандык өнүгүүсүнө өзгөчө шарттарды түзүп берет деп айтсак болот. Азыркы учурда электрондук окуу китептерин колдонуу абдан пайдалуу. Алар маалыматтык активдүүлүктү гана арттырбастан, логикалык ой жүгүртүүнү калыптандырууга да жардам берет. Электрондук окуу китептери биздин убактыбызды үнөмдөйт. Электрондук окуу китеби маалыматтык технологияларды колдонуунун дидактикалык ыкмасы болуп саналат. Маалыматтын зарылдыгын сезесиз, ошондой эле аны пайдалуу колдонууну үйрөнөсүз. Эң негизгиси, чыгармачылыкка шыктандырууда электрондук окуу китептеринин орду өзгөчө чоң.

Адабияттар:

1. Нуркасымова С.Н., Кенжалиев Д.И. Использование электронного учебника в учебном процессе // Эл аралык эксперименталдык билим берүү журналы – 2014. – № 12. – 15-16 бет.;
2. Бабаликова А., Акимбеков Е., Абдраимова Г. Роль информационных технолгии в повышении интереса студентов к дисциплине // «Илим жана билим - азыркы шарттарда коомдун өнүгүшүнүн эң маанилүү фактору». Эл аралык илимий-практикалык конференция, Караганды – 2015. II бөлүк. – 234-241 бет.
3. Баранова Ю.Ю., Перевалова Е.А., Тюрина Е.А., Чадин А.А. Методика использования электронных учебников в образовательном процессе. // Информатика жана билим берүү. – 2001 - № 8.
4. Абдималик кызы Н., Абдималик кызы Ж., Зулпукарова Д. Электрондук окуулуктарды San Raw Book Office каражатынын жардамында иштеп чыгуунун ыкмалары//*ОшМУнун Жарчысы*. 2023. № 1. 41-50 б